# АЙЛАКЕР ТАРАНЧЫ



Автор: Наргиса Карасартова

Сүрөтчү: Кульнар Рымбек

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# АЙЛАКЕР ТАРАНЧЫ

Автор: Наргиса Карасартова
Сүрөтчү: Кульнар Рымбек
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Айлакер таранчы" (кыргыз тилинде), автор Наргиса Карасартова, сүрөтчү Кульнар Рымбек, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Однажды на болоте*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Саздагы бакалар жазында ойгонуп, секирип, ойноп, чардай баштaшты. Баканын баласы да ойгонду.

– Кваа-кваaa – кандай кооз! – деди ал жаздын келгенине кубанып.

– Карагылачы, бизге аябай чоң куш учуп келе жатат! Баканын баласы Илегилекти көрүп сүйүнгөнүнөн кыйкырып жиберди.

– Макоо десе, ал биздин сазга жамандык алып келе жатат – деди Кур бака

– Кваа-кваа… Эмнеге? Сулуу куш экен го!

– Илегилек бакалардын жанына конгону – кайгынын белгиси. Ал бизди аябайт, жеп салат, – деди Кур бака тынчсыздана

– Качкыла, этият болгула! Коркунучтуу канаттуу келди! – деп бака баласы сазды жаңырта кыйкырды.

Илегилек аябай чарчаганынан, саздын бир четине конуп, уктап калды. Ал бир бутун көтөрүп уктайт экен. Уктап жатканда эле, улам бир бутун алмаштыра берди.

Илегилек ойгонуп, бакалар көп жерге, саздын ортосуна жөнөдү. Анын жакындап калганын байкаган, бакалар качып, суура секирип кетишти. Бакалардын угуу сезими күчтүү болгондуктан, билинбей жашына алышат.



– Жашынып калдыңарбы, мейли. Баары бир эч жакка кете албайсыңар, – деди Илегилек. – Бул сазда бакалар көп болушу керек. Менимче, 100 баш. Курсагымды тойгузганга, күнүнө 10 баш бака эле жетет. Демек, 100дү 10го бөлсөк, 10дон тиет. Оо! Баарын он күндө жеп түгөтөм!

– Эмне үчүн мен өзүм жөнүндө эле ойлоп жатам? Жакында ургаачы Илегилек да учуп келет. Ал да күнүгө 10 баштан бака жейт. Демек, 100дү 2ге бөлөбүз, 50 болот. 50нү 10го бөлсөк, 5 чыгат. Оо, бакаларды биз беш күндө эле жеп бүтөт экенбиз. Андан ары эмне кылабыз? Баса, балыктар менен курттар да бар эмеспи, – деп Илегилек камыш аралай койкоюп басып кетти.



Кур бакалар балдары менен кургакка чыгышты. Бирок чоң куштан коркуу сезимдери жоголгон жок.

– Биз эми эмне кылабыз? Дайыма эле коркуп жүрө беребизби? Эптеп бир айла табышыбыз керек, – деди Кур бака.

– Кваа-кваaa… Таранчы досубуздан кеңеш сурап көрбөйлүбү? – деп бака баласы сунуш кылды.

– Таранчы Илегилекке каршы эмне кыла алмак эле?

– Таранчы дос айлакер, акылдуу, тапкыч эмеспи, барып көрөлү.

Таранчы бакалардын сөзүн көңүл коюп укту. – Менде бир идея бар! – деди ал ойлонуп туруп.

Бакалардын баары чогулуп, Таранчыны баш кылып, Илегилек тарапка жөнөштү. Бакалардын алдында Таранчы келе жатты.

Дал ошол учурда ургаачы Илегилек да учуп келип конду.

– Мурда мен да Илегилек болгон элем. Бир жолу ушул саздан бака жей коём деп, таранчыга айланып калдым. Мага бул сыйкырдуу саз деп айтышкан, бирок мен жомок деп, ишенген эмесмин. Мен да бир кезде чоң, аппак куш болгом десем, азыр эч ким ишенбейт!



– Ой! Бул Таранчы коркунучтуу нерселерди айтып жатат! – деди Илегилек ургаачысын карап.

– Жүрөк түшүргөн окуя экен, мен да коркуп жатам. Ким билет, бул таранчыларды. Андан көрө, башка сазга баралы.

Илегилектер канаттарын күүлөп учуп кетишти. Ошол бойдон алар бул сазга кайтып келишкен жок.

Туура да, кайсы илегилек эле таранчыга айлангысы келсин.

Бакалар Таранчынын ойлоп тапкан амалынын ишке ашканы үчүн кубанып жатышты. Саздын жашоочулары коркунучтуу куштардын алыс кеткени үчүн бактылуу чардашты.

– Илегилек, албетте, чоң, ак жана сулуу куш, бирок Таранчы болуу да жаман эмес, – деди Таранчы компоюп.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Наргиса Карасартова
Сүрөтчү: Кульнар Рымбек
Которгон жана адаптациялаган:
Абдыкерим Муратов



USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли